# Автоматташтырылган төлөм терминалдары аркылуу акча каражаттарын кабыл алуу боюнча кызмат көрсөтүү
# СУНУШУ (АЙКЫН ОФЕРТА)

«Компаньон Банкы» ЖАК (мындан ары – Банк) тарабынан Интернетте бул сайтта: https://www.kompanion.kg жана Банктын операциялык залдарында жайгаштырылган бул документ, Кыргыз Республикасынын (мындан ары – КР) мыйзамына ылайык (айкын оферта (мындан ары – Оферта) болуп саналат.

Бул Офертада көрсөтүлгөн иш-аракеттерди кылуу бул Офертада жазылган шарттарда, тартипте жана көлөмдө Офертаны түзүү үчүн сиздин макулдугуңуздун ырастоосу болуп саналат. Төмөндө жазылган Офертанын тексти КР Жарандык кодексинин 398 ст. ылайык Офертаны түзүү үчүн жалпы-жарыя сунушу болуп саналат.

Бул Офертада каралган шарттарга ылайык, бул Офертанын бардык шарттарын эч кандай ченемсиз, толугу менен кабыл алуу менен Оферта түзүлгөн болуп саналат жана кайсы болбосун жак тарабынан (мындан ары- Колдонуучу) колдонулган учурдан баштап, күчүнө кирет. Офертада үчүнчү жактардын пайдасына төлөм жүргүзүү үчүн же КР мыйзамына ылайык Банктын жеке кардарлары тарабынан төлөм жүргүзүү үчүн бардык шарттар бар.

Банк каалаган убакта Офертанын шарттарын өз ыктыяры боюнча өзгөртүүгө же КР мыйзамына ылайык аны кайта чакырып алууга укуктуу. Офертанын шарттары Банк тарабынан өзгөртүлсө, Офертанын өзгөртүлгөн шарттары Интернетте www.kompanion.kg дареги боюнча жана Банктын операциялык залдарында жайгаштырылгандан баштап, Банк тарабынан башка мөөнөт көрсөтүлбөсө, өзгөртүүлөр өз күчүнө кирет.

Банк жана Колдонуучу арасында Келишим Колдонуучу Банктын айкын Офертасын кабыл алуу учурунда түзүлгөн болуп саналат. Колдонуучунун Автоматташтырылган Төлөм Терминалына (мындан ары – АТТ) акча каражаттарын салуусу Офертанын акцепти (кабыл алуусу) жана АТТ колдонуу боюнча Эрежелерди окуп чыккандыгынын ырастоосу катары саналат.

## 1. Айкын офертанын предмети

1.1. Банк тарабынан үчүнчү жактардын пайдасына төлөө же Банктын жеке жак кардарларынын АТТ колдонуу Эрежелерине (Тиркеме №1) (мындан ары – Төлөм кызматы) ылайык «BM Technologies» ЖЧК («Би Эм Текнолоджис»)(UMAI) төлөм системасы аркылуу эсепти толуктоо бул Офертанын предмети болуп саналат.

1.2. Төлөм жүргүзүү же эсептерди толуктоо КР улуттук валютасында жүргүзүлөт.

1.3. Үчүнчү жактардын пайдасына төлөм жүргүзүү («BM Technologies» ЖЧК менен тиешелүү келишим түзгөн коммуналдык жана башка кызматтардын камсыздоочулары) Банк жана «BM Technologies» арасында төлөм кабыл алуу жөнүндө Келишимдин негизинде жүргүзүлөт.

1.4. Эсептерди толуктоо жана Банктын жеке жак кардарларынын насыя төлөмдөрү боюнча төлөм жүргүзүү Банк жана «BM Technologies» ЖЧК арасында кызмат көрсөтүү жөнүндө Агенттик келишимдин негизинде жүргүзүлөт.

## 2. Кызмат көрсөтүүнүн шарттары жана тартиби.

2.1. Төлөм кызматтарын көрсөтүүнүн шарттары жана тартиби АТТ колдонуу Эрежелерине

(Тиркеме №1) ылайык жүргүзүлөт.

2.2. Колдонуучунун арыздарын жана дооматтарын берүү/кабыл алуу тартиби, аларды кароо жана алар боюнча чечим кабыл алуу КР мыйзамына ылайык аныкталат.

## 3. Тараптардын өз ара финансылык мамилелери

3.1. Колдонуучу Төлөм кызматтарын Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык төлөөгө милдеттенет. Тарифтер операциялык залдардагы маалымат такталарына, Банктын сайтына жайгаштырылат, жана АТТ дисплейинде көрсөтүлөт.

3.2. Товарлар жана кызматтар үчүн АТТ аркылуу акча каражаттарын салуу бул Офертанын негизинде жүргүзүлөт. Чекти алууну же андан баш тартууну Колдонуучу товарларга жана кызматтарга АТТ аркылуу төлөө учурунда экранда көрсөтөт.

## 4. Тараптардын милдеттери

4.1. Банк Колдонуучунун тапшырмасы боюнча көрсөтүлгөн маалымдаректерге үчүнчү жактардын пайдасына төлөм жүргүзүүгө жана эсептерди толуктоого милдеттенет.

4.2. Колдонуучу Офертанын бардык шарттарын жана АТТ колдонуу Эрежелерин (Тиркеме №1) сактоого милдеттенет.

## 5. Тараптардын жоопкерчиликтери

5.1. Бул айкын Офертанын шарттарын аткаруу үчүн жоопкерчилик КР колдонуудагы мыйзамына ылайык аныкталат.

5.2. АТТ колдонуу боюнча талаштарды чечүүдө Тараптар Колдонуучунун иш-аракеттерин ырастоочу документтер катары төмөнкүлөрдү кабыл алышат:
-АТТ Колдонуучусуна берилүүчү чек;
-АТТ техникалык жабдуулары жана программалык камсыздоосу менен катталган Колдонуучунун иш-аракеттеринин жана аларга байланыштуу окуялардын протоколу.

5.3. Колдонуучу белгиленген коопсуздук жана конфиденциалдуулук иш-чараларын жана АТТ колдонуу Эрежелерин аткарбоо же туура эмес аткаруу үчүн тобокелдик жана жоопкерчилик алат.

## 6. Банктын маалымдаректери

«Компаньон Банкы» Жабык акционердик коому
Дареги: 720044, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Шота Руставели к., 62
Банктын байланыш борбору: 0312 33 88 00
№053, 053/1, 053/4 КРУБ лицензиясы
БИК: 113001
ОКПО: 23672096
ИНН: 01210200410119

**Тиркеме №1**
**Жеке жактардын тапшырмасы боюнча Автоматташтырылган төлөм терминалы аркылуу акча каражаттарын кабыл алуу боюнча кызмат көрсөтүү**
**СУНУШУ (АЙКЫН ОФЕРТА)**

## «Компаньон Банкы» ЖАК АТТ Колдонуу Эрежелери

1. АТТ кызматтарын пайдалануу үчүн төлөө керек болгон кызматты тандап, маалымдаректерин киргизүү керек (эсеп номери, энчилүү эсеп ж.б.)
2. Текшерүүдө экранга жыйынтык чыгат (мисалы, Аты-жөнү).
3. Эгер маалымдаректер туура болсо, акча каражаттары акча кабыл алуучу жабдууга салынат.
4. Бир төлөм 15 000 (он беш миң) сомдон ашпашы керек.
5. Эгер 15 000 (он беш миң) сомдон көп сумманы салуу керек болсо, маалымдаректерди кайра киргизип, акчаны кайра салуу керек.
6. Эсепти толуктоо кызматы боюнча суткалык ченем 55 000 (элүү беш миң) сом өлчөмүндө белгиленген.
7. Операция жүргүзүлгөндөн кийин чек берилет.
8. Эгер терминалда чек кагазы түгөнсө, монитордо чек кагазы жок экендиги тууралуу билдирилет жана терминал менен иштөөнү улантуу керекпи деген суроо берилет. Эгер кардар ооба деп жооп берсе, операция бүткөндөн кийин чектин жок болгондугу боюнча бардык тобокелдикти алат.
9. Бардык дооматтарга байланыштуу суроолор боюнча (төлөм өтпөй калды, туура эмес маалымдаректер, чек берилбеди ж.б.), колдонуучуларды колдоо кызматына кайрылыңыздар. Тел. 0312 33 88 00 же 88 00.
10. Доомат иштери бир гана кардардын арызы боюнча жүргүзүлөт.
11. Уюлдук операторлордун балансын толтурууда туура эмес маалымдаректер киргизилсе, жана ал каражаттар туура эмес маалымдаректердин ээси тарабынан колдонулбаса, төлөм жүргүзгөндөн кийин бир жарым сааттын ичинде оңдоо мүмкүн.
12. Акча кабыл алуучу жабдууга жана чек принтерине башка нерселерди салууга тыюу салынат.
13. АТТ сервис же сейф бөлүгүн ачууга аракет кылууга, ар кандай зыян келтирүүгө, программалык камсыздоону бөлүүгө, АТТ башка максат үчүн колдонууга тыюу салынат.
14. АТТ колдонуу эрежелери Колдонуучу тарабынан бузулса, Колдонуучу КР мыйзамына ылайык жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн.